**Изденүүчү Токтомаметова Жазгул Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген темада 10.01.01. кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппонеттик**

**ПИКИР**

Изденүүчү Ж.А.Токтомаметованын диссертациялык ишинин актуалдуулугу кыргыз адабиятындагы жанрдьж-стилдик, идеялык-эстетикалык жактан жаңылануу кыймылындагы атайын көңүл бурууну талап кылган көрүнүштөрдүн бири Абдулхай Алдашевдин "Жер төлөдө ой толгоо", "Казат селинде", "Өх, бүттүкпү" аттуу үч китептен турган роман-эссесин илимий изилдөөгө алып, эгемендүүлүктөн кийинки мына ошол адабий чыгармачылык маанилүү көрүнүштүн кыргыз адабиятындагы ордун, анын идеялык-тематикалык мазмунун, проблематикасын, романда чагылтылган баалуулуктар тутумун биринчи жолу комплекстүү илимий талдоого арналгандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле кыргыз адабият таануусунда буга чейин эссе жанрынын теориясын конкреттүү жазуучунун эссеисттик туундуларына байланыштырып атайын изилдөө болбогондугуна байланыштуу иште эссеистиканын тарыхы, эссе жанрынын теориясы боюнча зарыл илимий-теориялык сереп жасалган.

Диссертация үч негизги баптан, киришүү, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен туруп, 173 бетти түзөт. Киришүүдө изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, эмгектин теориялык-методологиялык, идеялык-эстетикалык концепциясынын багыты, диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жаткан ири илимий программалар, негизги илимий изилдөөчүлүк иштер менен байланышы, изилдөөнүн максаты, милдеттери белгиленген.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 121/04-8
«19» 01 2021 г.

Диссертациянын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери" деп аталган биринчи бабынын "Эссе жанрынын илимде изилдениши жөнүндө" деген биринчи бөлүмчөсүндө дүйнөлүк адабияттагы эссе жанрынын жаралыш тарыхы, илимий-теориялык жактан изилдениши, XX кылымдын 70-80-90-жылдарында советтик окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө эссе жанрынын теориясынын жалпы жоболорун ар бапжа улуттук адабияттардын материалдарына жана жеке авторлордун чыгармачылыктарына карата ыңгайлаштырып колдонушкандыгы жөнүндө кеңири обзордук маалыматтар берилет.

"Эссе, эссеистика, эссеизация, эссеизм, роман-эссе: маселенин теориялык аспектиси" деп атлаган бөлүмчөдө изденүүчү аталган терминдер тууралу түшүнүктөрдү тактап, роман-эссе - бул азыркы романистикадагы өзгөчө кубулуш экендиги, кээ бир изилдөөчүлөр роман-эссени көркөм-документалдуу прозага кийиришсе, ал эми көпчүлүгү роман-эсседен көркөм-публицистикалык прозаны көрүшөөрүнө токтолуп, роман-эссе эркин формага жана композицияга ээ болгон, автордун акыркы чындыкка талаптанбаган субъективдүү пикирин билдирген публицистикалык, документалдуу жана илимий жанрлардын чегинде турган жанр болуп саналат деп жыйынтык чыгарылат. Ошондой эле азыркы учурда дүйнөлүк адабияттын алкагында эссе жанры өзгөчө популярдуу адабий форма экендигин, анын мындай белгилүүлүккө жетүүсүнө эссенин маданияттын эң маанилүү түшүнүктөрүн андаштырууга багытталышы, эсседе кептин негизги кызматтык-маанилик тиби катары ой жүгүртүү менен сыпаттоонун колдонулушу, сюжеттик, окуялык-мезгилдик сызыктардын автордук эссенин көркөм сөз каражаттарын, стилин жана тилин жекече, эркин тандоосу өбөлгө болгондугун белгилейт.

Биринчи баптын үчүнчү бөлүмчөсү "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын изилденишине кыскача сереп" деп аталып, анда адабиятчылар К.Асаналиев, О.Ибраимов, Б.Шамшиевдердин аталган жазуучунун чыгармачылыгына арналган иликтөөлөрүнө талдоо жүргүзүлгөн.

"Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук негизге изилдөө жөнүндө" деп аталган кийинки бөлүмчөдө чыгарманын автору роман-эсселеринде эссеистикалык жанрдын өзөгүн түзүүчү өздүк рефлексияны да, интерпретацияны да, проблематизацияны да чебер колдонуп, турмуштук процесстерге карата сынчыл көз караштагы терең ойлорун билдирип, оригиналдуу көркөм-эссеистикалык үлгү жаратկандыгы белгиленет.

Диссертациянын экинчи бабы “Абдулхай Алдашевдин эссеистикасын баалуулуктук өңүттө изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы" деп аталып, ал үч параграфтан турат. А.Алдашевдин үчилтик роман-эссесинде өмүр-өлүм, жакшылык-жамандык, Кудайга ишеним, ыйман-абийир сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды камтыган терең аксиологиялык чыгарма экендиги романда камтышган окуялар, автордук баяндоолор, лирикалык чегинүүлөр, ошондой эле эссеистика багытындагы социалдык-философиялык, социалдык-психологиялык, адабий-теориялык изилдөөлөрдүн негизинде тастыкталат. Үчилтиктин кыргыз адабиятынын өнүгүү тарыхындагы ордун, биринчиден, роман-эсселер кыргыз романистикасындагы эссеистикалык жанрдын өнүгүүсүн айкындаганы (К.Асаналиев), экинчиден, кыргыз согуш прозасындагы саясий роман багытынын түптөлүүсүн көрсөткөнү (Б.Шамшиев), үчүнчүдөн, кыргыз романистикасындагы согуш темасындагы көркөм-адабий туундулардын мазмунунда философиялык-этикалык, руханий-баалуулуктук ой

жүгүртүүнүн деңгээли жогорулаганы менен түшүндүрөт.

Диссертант Токтомаметова Жазгүл Асылбековна "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген аталыштагы кандидаттык диссертацияны жазууда тандалып алынган теманы, илимий проблеманы ачып берүү үчүн зарыл болгон адабий фактылык материалдар жана илимий-теориялык адабияттарды кеңири өздөштүрүп, аталган проблема боюнча бир ички бүтүндүккө бириктирилген, системалаштырылган жыйынтыктарды берүүгө умтулган жана белгилүү даражада бул максат иш жүзүнө ийгиликтүү ашырылган.

Жогоруда белгиленип өткөн ийгиликтер менен катар диссертациялык иште айрым бир мүчүлүштүктөр да орун алган.

1. Диссертанттын негизги изилдөө предмети А.Алдашевдин үчилтик романындагы баалуулуктук (аксиология) маселеси. Бирок диссертант эссе жанрынын табияты, эссеистика деген маселеге баалуулук маселесинен кем эмес көңүл бөлөт. Ошентсе да эссеистика маселеси менен аксиология маселеси тыгыз байланышта каралбастан, экөө өз алдынча, окчун, жарыш өңүттө каралып калгандай элес калтырат.
2. Иштин үчүнчү главасы биринчи, экинчи главада айтылган ойлорду, жыйынтыктарды (57-61, 123-128-беттердеги) кайталоо менен чектелип калгандыктан, изилденип жаткан теманы андан ары өнүктүрүү, терендетүү жагдайында жеткиликтүү деңгээлде иш аткарылбай калган.

Жогорудагы пикирлерибизди жыйынтыктай турган болсок, биз тарабынан айтылган айрым сын пикирлер диссертациянын жалпы мазмунуна, илимий-теориялык деңгээлине олуттуу терс залакасын

тийгизе албайт. Аларды диссертант кийинки изилдөөлөрүндө эске алышы керек.

Токтомамбетова Жазгүл Асылбековнанын "Абдулхай Алдашевдин эссеистикасынын баалуулуктук мазмуну" деген кандидаттык диссертациясы жетиштүү илимий-теориялык деңгээлде жазылган оригиналдуу эмгек деп эсептөөгө болот.

Диссертациянын автореферaты анын мазмунун толук чагылдырат.

Автордун жарыяланган макалалары тема боюнча жана ЖАКнын талаптарына толук жооп берет.

Диссертация ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет жана анын автору изденүүчү Токтомамбетова Жазгүл Асылбековна 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга толук татыктуу.

Расмий оппонент,
филология илимдеринин
доктору, доцент А.К. Кадырманбетова